КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

---

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 8-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

"27". 06 2025-жыл №81 Кызыл-Суу айылы

**Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагындагы Саруу айылындагы муниципиалдык менчикке алынган эски кашар ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына менчикке чыгаруу жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл аймагындагы Саруу айылындагы муниципиалдык менчикке алынган эски кашар ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына аукциондук негизде сатуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси Б.Миңбаевдин кайрылуусун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Кызыл-Суу айыл аймагындагы Саруу айылындагы муниципиалдык менчикке алынган эски кашар ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына аукциондук негизде сатуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси Б.Миңбаевдин кайрылуусу эске алынсын.

1.1.Саруу айылындагы "Балчак" участкасындагы №1161 контурдагы -1500,0 чарчы метр кашар орду ээлеген бош жер тилкеси.

1.2. Саруу айылындагы "Бел-Өтөк" участкасындагы №398 контурдагы -1000,0 чарчы метр кашар орду ээлеген бош жер тилкеси.

1.3. Саруу айылындагы "Кара-Коо" участкасындагы №1096 контурдагы -1000,0 чарчы метр кашар орду ээлеген бош жер тилкеси

2.Айыл өкмөтүнүн алдындагы конкурстук комиссияга жана жергиликтүү кенешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияга белгиленген тартипте мыйзам чегинде өткөрүү жагы милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жергиликтүү кеңештин агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

Төрайым Г. Чыныбаев